КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
НАРЫН ОБЛУСУ
ЖУМГАЛ РАЙОНУ
ЖАНЫ-АРЫК АЙЫЛДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ
ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН
ЖАНЫ-АРЫКСКИЙ АЙЫЛНЫЙ
КЕНЕШ

**Жаны-Арык айылдык Кенешинин XXVIII-чакырылышынын**
**IX-кезексиз сессиясынын**
**Токтому №15/3**

Жаны-Арык айылы — 2022-жылдын 4-октябры

**Айыл аймагы боюнча курулуш иштерине пайдаланууга, ички жолдорду түздөөгө ж.б. иштерге кум-шагыл алуу үчүн карьерлерди белгилөө жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Жаны-Арык айыл өкмөтүнүн башчысынын сунушун карап, депутаттардын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап, Жаны-Арык айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Жаңы-Арык айыл аймагынын чегиндеги №369 контурунда жайгашкан «Жорка карьер» участкасынан эски карьердин ордунан 3 га жер аянты жана №604, №608 контурларында жайгашкан «Чет-Булак» участкасындагы эски карьердин ордунан 1 га жер аянты Жаны-Арык айыл аймагынын тургундары үчүн курулуш иштерине пайдаланууга, ички жолдорду түздөөгө ж.б. иштерге кум-шагыл алуучу карьерлер болуп белгиленсин;

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Карымшаковго милдеттендирилсин.

**Төрайым:** **М.Акматалиева**